**МАТЕМАТИКА 5-КЛАСС Вариант С**

**Окуучунун аты -жөнү ___________________________классы_____**

---

## 1-БӨЛҮМ

**№ 1.** Туюнтманын маанисин тапкыла.

60000+7000+400+20+5=

А) 670425 Б) 67425 В) 674025 Г) 607425

**№ 2.** Кайсы амалда аткаруунун тартиби туура көрсөтүлгөн?

4 1 2 3
А) 800-(22+22·11):3

1 2 3 4

Б) 800-(22+22·11):3

4 2 1 3

В) 800-(22+22·11):3

1 3 2 4

Г) 800-(22+22·11):3

**№ 3.** Кайсы барабарсыздык туура?

А) 7 мин 60 с > 760 с Б) 29 ц 5 кг < 295 кг

В) 1 км 200 м < 1200 м Г) 5 т 40 кг < 5 т 40 ц

**№ 4.** Теңдемеде белгисиздин мааниси канчага барабар.

$6 \cdot x = 6+6+6$

А) 1 Б) 2 В) 3 Г) 4

**№ 5.** 3 түн квадраты канчага барабар?

А) 9 Б) 6 В) 5 Г) 12

**№ 6.** Жөө адам 12 км ди 3 саатта басып өттү. Ал кандай ылдамдыкта баскан?

А) 36 км/с Б) 4 км/с В) 15 км/с Г) 9 км/с

**№ 7.** Дециметрди сантиметрге айландыргыла.

8 дм 43 см = ... см

А) 51 Б) 123 В) 843 Г) 8043

**№ 8.** Түрмөктө 459 м зым түрүлгөн. Биринчи күнү 119 м, экинчи күнү 239 м түрмөк сарпталган. Түрмөктө канча метр зым калган?

А) 101 Б) 220 В) 340 Г) 358

**№ 9.** Көбөйтүүнү аткаргыла.

19 · 362 =

А) 6878 Б) 3258 В) 3620 Г) 362

**№ 10.** Бөлүүнү аткаргыла.

236560 : 4 =


А) 59 Б) 591 В) 5914 Г) 59140

**№ 11.** Теңдемени чыгаргыла.

Х : 24 = 15

А) 144 Б) 364 В) 120 Г) 360

**№ 12.** Сүрөттө жактары 5 см жана 3 см болгон тик бурчтук көрсөтүлгөн. Анын периметрин тапкыла.




А) 16 Б) 8 В) 15 Г) 32

## 2-БӨЛҮМ


**№ 13.** Китеп койгон текче



Дубалда бир катар китеп тизилген текче илинген. Алардын бирөөсү Алинага үй тапшырманы аткарууга керек болгон энциклопедия эле. Ал апасынан китеп кайсы жерде турарын сураганда, апасы: сол жактан бешинчи же болбосо оң жактан он сегизинчи -деп жооп берди. Текчеде канча китеп турганын эсептегиле?

**Жообу:**___________________

**№ 14.** Бакчада 35 мөмө багы бар. Анын $\frac{1}{5}$ ин алчалар түзөт. Бакчада канча алча багы бар?



**Жообу:**___________________